Октябрь 2024-ж., № 10 (156) чыгарылышы

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

МУНИЦИПАЛИТЕТ –
БУЛ АЙМАКТЫН,
АЛ ЖЕРДЕ ЖАШАГАН КАЛКТЫН
ЖАНА ЖӨБ ОРГАНДАРЫНЫН
ҮЧИЛТИГИ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ




**"АТ-БАШЫДАГЫ ТУРИЗМ – 2024" ФЕСТИВАЛЫНЫН БОЖОМОЛУ: 2024-ЖЫЛЫ АТ-БАШЫ РАЙОНУНА КЕЛГЕН ТУРИСТТЕРДИН САНЫ ЭКИ ЭСЕГЕ КӨБӨЙӨТ**

9-БЕТ

# ЗОМБУЛУККА КАРШЫ 16 КҮНДҮК КАМПАНИЯ

Социалдык тармактардан бул хэштегдер боюнча кошумча маалымат издесеңиздер болот:
#Зомбулукту_Токтот #Зомбулуксуз_Жаша #Останови_Насилие #Живи_Без_Насилия
#Права_Девочек #Права_Женщин #Аялдардын_Укугу #Кыздардын_Укугу



## БУЛ ЭМНЕ ДЕГЕН ИШ-ЧАРА?

Тилекке каршы, зомбулук, өзгөчө аялдарга жана кыздарга карата зомбулук, дүйнө жүзү боюнча орун алып келет. Андыктан, 1991-жылы мындай терс көрүнүштөрдү токтотуу жана азайтуу максатында Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында «Зомбулукка каршы активизмдин 16 күнү» аттуу эл аралык кампания башталган. Бул кампания 187ден ашык өлкөдө, анын ичинде Кыргызстанда да жүргүзүлөт.



**Кампания жыл сайын** 25-ноябрь күнү же Аялдарга карата зомбулукту жоюунун эл аралык күнүндө башталып, 10-декабрь күнү же Адам укуктарын коргоо күнүндө аяктайт.


**Кампаниянын максаты** – элдин арасында аялдарга жана кыздарга карата зомбулукту токтотуу керек деген ойду калыптандыруу жана бул көйгөй тууралуу маалымдоо.

**Бул кампаниянын символу кызгылт сары түс – зомбулуксуз дүйнөгө болгон аялдардын үмүтүнүн түсү!**



**Аялдарга жана кыздарга карата зомбулук** деп аялдарга физикалык, сексуалдык же психологиялык зыян же азап алып келген зомбулуктун ар кандай түрү эсептелет. Бул зордук-зомбулук, мажбурлоо же негизсиз эркиндигинен ажыратуу менен коркутууларды камтыйт.

**Зомбулуктун бардык түрү адам укуктарын бузуу болуп саналат!**




**Көбүнчө, аялдарга жана кыздарга карата зомбулук – бул үй-бүлөлүк зомбулук.** Үй-бүлөдөгү зомбулук – бир үй-бүлө мүчөсүнүн экинчисине физикалык (уруп-согуу, травмалар, ж.б.), сексуалдык, психологиялык (басынтуу, мазактоо, негизсиз сын, коркутуу-үркүтүү, шантаж, ж.б.) жана экономикалык (үй-жайдан, кийим-кечеден, акчадан атайылап ажыратуу) зомбулуктун ар кандай түрлөрүн колдонуусу саналат.

## ЖАРДАМГА МУКТАЖ УЧУРДА КИМГЕ КАЙРЫЛСА БОЛОТ?

### КРИЗИСТИК БОРБОРЛОРДУН БАЙЛАНЫШТАРЫ

tinyurl.com/maalymat шилтемесин телефондун браузерине кирип, териңиз же телефондун камерасын (же сканерин) «төрт бурчтук кодго» каратып, жогорку шилтемени ачыңыз.

- **102** Милиция
- **112** Куткаруу кызматы
- **103** Тез жардам
- **115** Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишеним телефону
- **111** Балдар үчүн ишеним телефону
- **117** Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин ишеним телефону

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE

Бул постер АКШнын Эл аралык өнүктүрүү агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин берешен колдоосу менен USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоорунун алкагында даярдалды. Материалдын мазмуну үчүн Өнүктүрүү саясат институту жооп берет жана ал сөзсүз түрдө USAIDдин же АКШ өкмөтүнүн көз карашын чагылдырбайт.

*Муниципалитет –
бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын
жана ЖӨБ органдарынын
үчилтиги*

**ОКТЯБРЬ 2024-ж., № 10 (156) чыгарылышы**

# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ

## КӨҢҮЛ ЧОРДОНУНДА

Үй-бүлөлүк зомбулук: жамааттар каршы, бирок бул көрүнүш менен кантип натыйжалуу күрөшсө болот? ....2

Онлайн-форматтагы коомдук бюджеттик угуулар: ЖӨБ органдары үчүн мүмкүнчүлүктөр жана перспективалар....7

## АБАЛЫҢ КАНДАЙ, РАЙОН?

"Ат-Башыдагы туризм – 2024" туристтик фестивалы....9

## ЖӨБДҮН КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРҮ

Швейцария Өкмөтү Кыргызстандагы кызмат көрсөтүүлөрдү өркүндөтүүгө колдоо көрсөтүүсүн улантууда: "Жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүлөрдү жакшыртуу" долбоорунун жаңы фазасы башталды ....14

Муниципалдык ишканалардын кызматкерлери: жаңы иш шарттары олуттуу көлөмдөгү билимди талап кылат ....15

Окуу сапарлары кесипкөй жамааттарды түзөт: биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун мисалы ....18

102 000 жаран үчүн 43 кызмат көрсөтүү: USAIDдин "Ийгиликтүү аймак 2" долбоору кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу маселелеринде ЖӨБ органдарына колдоо көрсөтүүнүн баштапкы жыйынтыктарын чыгарды ....21

## ӨНӨКТӨШТҮКТҮН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

БШК жана Өнүктүрүү саясат институту жергиликтүү шайлоолордо Кыргыз Республикасынын жарандарынын гендердик квотага карата мамилеси тууралуу изилдөөнүн жыйынтыктары менен тааныштырышты ....23

БАЖБА жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине караштуу Парламентти жана демократияны өнүктүрүү борбору кызматташуу жөнүндө Меморандумга кол коюшту ....24

## МУНИЦИПАЛДЫК ИШКАНАЛАР ҮЧҮН ЮРИДИКАЛЫК КОНСУЛЬТАЦИЯ

Административдик-аймактык реформанын натыйжасында муниципалдык ишканалардын абалы тууралуу ....25

Жайыт жерлерин башкаруу функцияларын муниципалдык ишканага өткөрүп берүү тууралуу ....26

ТСКАКБга таандык мүлктү муниципалдык ишканага өткөрүп берүү тууралуу ....27

Муниципалдык ишкананын карамагындагы муниципалдык мүлккө болгон укугу тууралуу ....28

**Негиздөөчү жана басып чыгаруучу: Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу академиясы (БАЖБА) аркылуу Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)**

Башкы редактор:
ӨСИ башкаруучу төрайымы
Надежда ДОБРЕЦОВА
Аткаруучу редактор:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Кыргыз тилиндеги
котормонун редактору:
Нургүл ЖАМАНКУЛОВА
Дизайн жана жасалгалоо:
Адил АБДРАИМОВ
Кыргыз тилине которгон:
Зейнеп АЛТЫМЫШОВА

Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге деректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат. Журнал акы төлөп жазылуу аркылуу таркатылат.

**Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт. Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.**

Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:
почта – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Шевченко көч., 114, Өнүктүрүү саясат институту;
э-дарек – ndobretsova@dpi.kg
Телефондор: (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
Факс: (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун жана БАЖБАнын кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Жалпыга маалымдоо каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**

ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE



## 2024-ЖЫЛГА ТЕМАЛАР:

- ЖӨБ органдарында иш кагаздарын жүргүзүү.
- Муниципалдык кызмат.
- КР жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу.
- Бюджеттен тышкаркы каражаттарды (инвестицияларды) тартуу.
- Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы эмгек акы.
- ЖӨБ органдарында бухгалтердик эсепти жүргүзүү: негизги каражаттарды жана товардык-материалдык запастарды эсепке алуу.
- Мамлекеттик сатып алууларды уюштуруунун негиздери.
- Муниципалдык ишканалардын ишин уюштуруу жана сатып алууларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу эрежелери.
- Жайыттарды башкаруу.
- Жерди пайдалануунун актуалдуу маселелери.
- Жергиликтүү кеңештин ишинин уюштуруу жана укуктук маселелери.

БОРБОРДУК АЗИЯНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БАШКАРУУ АКАДЕМИЯСЫ
АКАДЕМИЯ МЕСТНОГО УПРАВЛЕНИЯ ЦЕНТРАЛЬНОЙ АЗИИ
LOCAL GOVERNANCE ACADEMY OF CENTRAL ASIA

КР БжИМдин №LS220001186 лицензиясы
КР БжИМдин №LS220001195 лицензиясы

**Окуу курстары боюнча БАЖБАнын адистерине кайрылыңыздар:**
**Жылдыз: +996 770 432 660**
**Эльзада: +996 700 558 568**
**Алина: +996 700 293 816**

# Жергиликтүү өнүктүрүү боюнча Консультанттардын улуттук түйүнү – Кыргызстандын шаарларын жана айылдарын өнүктүрүүнү башкарууда сиздин ишенимдүү өнөктөшүңүз

Башкаруу органдарынын кызматкерлери ар кандай көйгөйлөргө туш болушат, бирок бардык нерсени жана баары тууралуу билүү мүмкүн эмес да. Мында Борбордук Азиянын жергиликтүү башкаруу Академиясы (БАЖБА) уюштурган жергиликтүү өнүгүү боюнча Консультанттардын улуттук түйүнүнүн мүчөлөрү – квалификациялуу адистер жардамга келишет.

## Тажрыйбага жана инновацияларга таянган колдоо

Консультанттардын улуттук түйүнү жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү өнүгүү маселелеринде терең экспертизага ээ, мыйзамдарды жакшы түшүнгөн, инновацияларга көз салып турган, Кыргызстандын муниципалитеттеринде башкаруунун ар түрдүү маселелерин чечүү практикасын жана эл аралык тажрыйбаны билген квалификациялуу консультанттардын башын бириктирет.

## Ар бир муниципалитетке жекече мамиле

Консультанттар – Түйүндүн мүчөлөрү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ар бир органына жекече мамиле жасашат. Мунун натыйжасында алар кеңештерди берип эле тим болбостон, ошол эле маалда жеринде чыныгы кырдаалга ылайыкташтырылган конкреттүү, практикалык чечимдерди бере алышат.

## Мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу консультанттар менен контракт түзүүнүн жол-жоболору

Улуттук түйүндүн консультанттары КР Финансы министрлигинин Мамлекеттик сатып алуулар департаментинин Порталында катталган, ошондуктан аларда мамлекеттик сатып алуулар системасы аркылуу ЖӨБ органдары менен кызматташууга мүмкүнчүлүк бар.
"Тандоо" электрондук каталогуна мамлекеттик сатып алуулардын жалпы классификаторуна (МСЖК) Улуттук тармактын консультанттарынын муниципалитеттер үчүн актуалдуу жана жаңы кызмат көрсөтүүлөрү киргизилген:

- **73510000 – 5 Аймактардын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларын (СЭӨП) иштеп чыгуу боюнча кызмат көрсөтүү;**
- **73520000 – 6 ЖӨБ органдары үчүн муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн кошумча тизмесин түзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр;**
- **73520000 – 7 ЖӨБ органдары үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында калкты ичүүчү суу менен камсыздоо кызмат көрсөтүүлөрүнө бааларды (тарифтерди) эсептөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр;**
- **73540000 – 8 ЖӨБ органдары үчүн катуу тиричилик калдыктарын чогултуу, ташуу жана жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөргө бааларды (тарифтерди) эсептөө боюнча кызмат көрсөтүүлөр.**

## "Тандоо" электрондук каталогун колдонуунун артыкчылыктары

"Тандоо" каталогун колдонуу ЖӨБ органдары үчүн консультанттардын кызмат көрсөтүүлөрүн сатып алуу процессин кыйла жөнөкөйлөтүп, тездетет. Каталог кызмат көрсөтүүлөрдүн даяр техникалык сүрөттөмөлөрүн берет, бул болсо муниципалитеттерди консультанттар үчүн техникалык тапшырмаларды өз алдынча иштеп чыгуу милдетинен бошотот.
Каталог консультанттарды квалификациялоонун жыйынтыкталган процессин билдирет, ал эми бул консультанттар үчүн да, ЖӨБ органдары үчүн да убакытты үнөмдөйт, себеби ар бир конкурс боюнча квалификациялык талаптарды белгилөө зарылдыгын жокко чыгарат.

73520000 – 7
СУУГА ТАРИФ ИШТЕП ЧЫГУУ КЫЗМАТЫ

73540000 – 8
КТК ҮЧҮН ТАРИФ ИШТЕП ЧЫГУУ КЫЗМАТЫ

**"Тандоо" каталогу аркылуу мамлекеттик порталдан консультанттардын кызматын сатып алуу**

73520000 – 6
КЫЗМАТТАРДЫН КОШУМЧА ТИЗМЕСИН ИШТЕП ЧЫГУУ КЫЗМАТЫ

73510000 – 5
СЭӨП ИШТЕП ЧЫГУУ КЫЗМАТЫ